**«Кабыл алынды»**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун Политехникалык
колледжинин Педагогикалык
Кеңешинин жыйынында
№ 16 протокол
«26» 05. 2017 ж.

**«Бекитемин»**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун
Политехникалык
колледжинин мүдүрү
Турусбекова Н.К
«26» 05 2017 ж.

**«Макулдашылды»**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун ректору,
профессор
Джаманбаев М.Дж.
«__» ______ 2017 ж.

**«Жактырылды»**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окуу-методикалык Кеңеши менен
№ 5 протокол
«27» 06 2017 ж.

# И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжи жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Политехникалык колледжи (мындан ары Колледж) бүтүрүүчүлөрүнүн үзгүлтүксүз кесиптик билим алуунун көп баскычтуу тутумун ишке ашыруунун алкактарында жогорку билим алуу программаларында окутууну улантуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, базалык жана жогорулатылган деңгээлдеги орто кесиптик билим берүүнүн (мындан ары – ОКБ) негизги кесиптик билим берүүчү программаларын ишке ашыруу максаты менен түзүлгөн.

1.2. Колледж И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары – Университет) түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

1.3. Университеттин түзүмдүк бөлүмү катары Колледж Университеттин курамында мамлекеттик аттестациялоодон өтөт, мамлекеттик билим берүү мекемеси статусуна ээ болот жана Униврситетти билим берүү ишмердигине карата укук бере турган лицензиясынын жана башка документтеринин негизинде аракеттенет. Университеттин курамында өзүн-өзү аттестациялоо жана Колледждин ишмердигинин комплекстүү баа берүүсү жүргүзүлөт.

1.4. Колледж өз ишмердигинде төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамын;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнүн билим берүүчүлүк уюштуруу жөнүндө» жобону;
- Колледж тарабынан адистиктер боюнча ишке ашырылып жаткан болжолдуу окуу-программалык документация менен ишке ашырылуучу адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоо мазмунун жана денгээлинин минимумуна карата мамлекеттик талаптар бөлүгүндөгү орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын ( мындан ары ОКБ МБС);

- И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Уставы;
- Университеттин ректорунун буйруктары, Университеттин проректорлорунун тескемелери;
- Университеттин жана Колледждин башка локалдык ченемдик актылары;
- Ушул Жобо.

## 2. Негизги милдеттер

Колледждин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

2.1. Инсандын интеллектуалдык, маданий жана руханий өнүгүүдөгү муктаждыктарын Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана чет өлкөлүк жарандардын кесиптик билим алуусунун жардамы менен канааттандыруу.

2.2. Өлкөнүн орто звенодогу адистерине болгон керектөөлөрүн кадрларды мамлекеттик заказ боюнча даярдоо сыяктуу эле, контракт негизде дагы, жеке адамдар жана юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдер боюнча даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу формасында канааттандыруу.

2.3. Окуу жана өндүрүштүк процесстин биримдигин камсыздоо менен өндүрүштүк жана тажрыйбалуу – өндүрүштүк ишмердикти жүзөгө ашыруу.

2.4. Окуу жана өндүрүштүк процесстин биримдигин камсыздоо менен илимий, илимий – өндүрүштүк ишмердик.

2.5. Келишимдердин макулдашууулардын негизинде зарыл болуучу кеңеш берүүчү, билим берүүчү жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү рынок экономикасынын шарттарына сунуштоо.

2.6. Окуучуларда жарандык позицияны, рынок өндүрүштүк мамилелер шарттарында эмгекке жана жашоого жөнөмдүүлүктү калыптандыруу.

2.7. Коомдук руханий жана маданий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү.

2.8. Калктын арасында билимдерди таркатуу, мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу.

## 3. Функциялары

Колледждин негизги функциялары болуп төмүнкүлөр саналат:

*3.1. Окутуу-тарбиялоо функциясы*:

3.1.1. ОКБнын билим берүүчү программаларын ишке ашыруу.

3.1.2. ОКБ программасы боюнча окуучунун инсандык өнүгүүсү, анын кесиптик калыптануусу.

3.1.3. Компетенттүү, мобилдик жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистти даярдоо сапатын жогорулатуу үчүн кесиптик окутуунунун уюштуруулушун, формаларын жана методдорун өркүндөтүү.

3.2. Окуу-методикалык функциясы:

3.2.1. Инновациялык билим берүүчү технологияларды сынап көрүү.

3.2.2. Сабактардын окуу-методикалык комплекстерин (ОМК), окуу-методикалык сунуштоолорун, жумушчу программаларын методикалык

көрсөтмөлөрүн жана башка окуу-методикалык документациясын иштеп чыгуу.

3.3. *Уюштуруу функциясы:*

3.3.1. Билим берүү процессин уюштуруу, анын ичинде окуу пландарын жана сабактардын жүгүртмөлөрүн иштеп чыгуу.

3.3.2. Жылдык календарлык окуу графигин иштеп чыгуу жана бекитүү.

3.3.3. Окуучуларга баа берүү тутумун, орто аралык аттестациялоо формаларын, тартибин жана мезгилдүүлүгүн ченемдик-укуктук актыларга, Колледждин Уставына жана ушул Жобого ылайык белгилөө.

3.3.4. ОКБ МБСтун негизинде Колледждин адистиктери боюнча негизги кесиптик билим берүүчүлүк программаларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

3.3.5. Педагогдордун компетенттүүлүк деңгээлин жогорулатуу жана квалификацияны жогорулатуу.

3.3.6. Локалдуу ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

3.3.7. Документ жүгүртүүнү ишке ашыруу: студенттик билеттерди, академиялык маалым каттарды, дипломго карата тиркемелерди, окугандыгы тууралуу маалымкаттарды даярдоо, зачеттук китепчелерди, окутуу жыйынтыктарын эсепке алуу ведомостторун ж.б. у.с. жүргүзүү.

3.4. *Башкаруучулук функциясы:*

3.4.1. Колледжди башкаруу.

3.4.2. Колледждин жана Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишмердигин жана өз ара аракеттенүүсүн координациялоо.

3.4.3. Жумуш берүүчүлөр жана кесиптик коомчулуктун өнөктөштөрү менен атаандаштыкка жөндөмдүү адисти, жарнаманы даярдоо жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жайылтуу маселелери боюнча өз ара аракеттенишүүнү жүзөгө ашыруу.

3.4.4. Жумуш берүүчүлөрдүн бүтүрүүчүлөрдү даярдоодо сапатына карата талаптарын жалпылоо жана окуу программаларынын рыноктун өнүгүү тенденцияларына шайкеш келүүсүн жогорулатуу максаттарында эмгек рыногун маркетингтик изилдөөлөрдү жүргүзүү.

3.5. *Чарбачылык-экономикалык функциясы:*

3.5.1. Колледжге бекитилип берилген мүлктү башкаруу.

3.5.2. Финансылык-чарбалык ишмердикти, анын ичинде кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды жүзөгө ашыруу.

## 4. Укуктары

Өз милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн Колледж төмөнкүлөргө укуктуу болот:

4.1. Уюштуруучунун макулдугу менен Кыргыз Республикасынын аймагында, анын чектеринен тышкары дагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган каалагандай бүтүмдөргө келишүү.

4.2. Балансотан моралдык жана физикалык эскирген жабдууларды жана мүлктү алып салууга, жетпей калуулар жана жоготуп алуулар, Колледж тараптан алынган мүлктү колдонуу укугунда «КМТУнун мүлкүн алып салуу тууралуу жобонун» негизинде, ал тараптан орду толтурулат.

4.3. Университеттин ага бекитилип берилген мүлкүнүн сакталышын камсыздоо жана ал үчүн жоопкерчилик тартуу.

4.4. Колледжтин муктаждыктары үчүн зарыл болгон жабдууну, материалдарды жана башка негизги жана жүгүртүү каражаттарын сатып алуу.

4.5. Кызматкерлердин эмгегине төлөө тутумун жана формасын, эмгекке стимулдаштырууну аныктоо, өз кызматкерлери үчүн кошумча жеңилдиктерди берүү.

4.6. Жогорку деңгээлдеги жана өз убагында кызмат көрсөтүү иштерин сунуштоо менен байланышкан ишмердигин жүзөгө ашыруу.

4.7. Белгиленген мөөнөттөрдө бюджет менен, кредиттик мекемелер башка кредиторлор менен эсептешүүлөрдү жүргүзүп туруу.

4.8. Уюштуруучунун уруксаты боюнча чет мамлекеттерден Колледждин максаттарын жана милдеттерин иш жүзүнө ашыруу үчүн зарыл болгон эксперименталдык же башка жабдуулардын үлгүлөрүн жана комплекттерин, технологияларды, анын ичинде технологиялык башка материалдарды жана маалыматтык баалуулуктарды жана предметтерди сатып алуу.

4.9. Колледждин максаттарына жана милдеттерине жооп берген жана КР мыйзамдарына каршы келбей турган башка функцияларды иш жүзүнө ашыруу.

## 5. Жоопкерчилик

Колледж төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик алып жүрөт:

5.1. Ыкчам башкарууда турган имараттардын жана мүлктүн техникалык оң абалда кармалып тургандыгы, аларды оңдоп-түзөтүү жана кармап туруу боюнча чыгашаларды тартуу.

5.2. КМТУ тарабынан ыкчам башкарууга берилген аудиторияларды жана башка окуу жана чарбалык колдонуу имараттарын уюштуруучу менен макулдашуу боюнча тиешелүү жабдуулар, шаймандар, эмерек менен комплектациялоо.

5.3. Уюштуруучуга ыкчам башкарууга берилген имараттар үчүн коммуналдык кызматтарды (электр энергиясы, жылытуу, ысык, муздак суу жана суу агындылар), байланыш кызматтары (телефон) жана интернет кызматтары үчүн төлөп туруу (бухгалтериянын эсептөөлөргө ылайык берилген эсептери боюнча).

5.4. И.Раззаков атындагы КМТУнун, билим алуучунун контрагынын суммасына пландык эсептөөгө ылайык кире турган инженердик кадрларды даярдоодо окуу, илимий, административдик жана чарбалык ишмердиктеги кызмат көрсөтүүлөрү үчүн чыгашалардын ордун толтуруу.

5.5. Окуу, чарбачылык жана башка жалпы колдонуудагы имараттардын жакшы абалда кармалып турушун камсыздоо.

5.6. Жаш адистерди түзүлгөн келишимдерге ылайык, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык тарбиялоону, билим берүүнү жана даярдоону камсыздоо.

5.7. Жогорку кесиптик деңгээлде окуу жана илимий иштерди өткөрүү.

5.8. Окутуучулук курамдын кесиптик деңгээлин тутумдаштырылган түрдө жогорулатуу.

5.9. Колледждин кызматкерлери тарабынан кызматтык нускамаларды КМТУнун ички тартип эрежелерин, Колледждин Уставын, КР эмгек кодексин жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын аткаруусу.

## 6. Колледжге кабыл алуу

6.1. Колледжге кабыл алуу тартиби, Университет жана КР БжИМ менен жыл сайын бекитилип жана макулдаштырыла турган эрежелерге жана кабыл алуу планына ылайык жүзөгө ашырлат.

6.2. Билим берүү кызматтарын көрсөткөндүгү үчүн акы төлөө өлчөмү директор тарабынан бекитилет жана Университеттин ректору менен макулдаштырылат.

6.3. Колледжге кабыл алуу негизги жалпы же орто (толук) жалпы билими бар болгон жарандардын арызы боюнча жүзөгө ашырылат.

6.4. Колледжге окутуу үчүн каттоо Университеттин ректорунун буйругу менен жүзөгө ашырылат.

6.5. Катталуудан кийин Колледждин ар бир билим алуучусуна жеке өздүк иши түзүлөт.

## 7. Окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу

7.1. Колледжде адистерди даярдоо негизги жалпы билими же орто жалпы билими бар болгон адамдардын арасында жүзөгө ашырылат.

Негизги жалпы билимдин базасында орто кесиптик билим алуу орто жалпы билимди бир учурда алуу менен ОКБнын тиешелүү билим берүү программасынын чектеринде жүзөгө ашырылат. Бул учурда билимдин базасында ишке ашырылып жаткан ОКБ билим берүү программасы, тиешелүү толук орто жалпы МБС жана орто толук жалпы орто кесиптик билим берүүгө ылайык алынып жаткан кесипти жана ОКБ адистигин эске алуу менен иштелип чыгарылат.

7.2. Чет өлкөлүк жарандар белгиленген тартипте күчүнө кирген, анын катышуучусу Кыргыз Республикасы болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык, ошондой эле билим берүү уюмдарынын же өз алдынча жарандардын ортосундагы келишимдердин негизинде ОКБга алууга укуктуу болушат (КР Окмотунун 2012-жылдын 4-июлундагы №470 «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарына студенттерди кабыл алуу тартиби» токтомуна ылайык).

7.3. Кабыл алуу планы, кабыл алууну уюштуруу, кирүү сынактары, Колледжге билим алуучу катары каттоо бекитилген жана макулдашылган эрежелерге ылайык жүзөгө ашырылат.

7.4. Билим берүү тууралуу келишим жазуу жүзүндө төмөнкүлөр арасында:

- Колледж жана окууга карата катталып жаткан адам ортосунда келишим түзүлөт (жашы жете элек өкүлдүн ата-энелери (мыйзамдын өкүлдөрү));

- Колледж жана окууга катталып жаткан адам жана окууга катталган адамдын окуусуна төлөөгө милдеттенүүчү жеке адам же юридикалык жак ортосунда түзүлөт.

7.5. Билим берүү жөнүндө келишимде билим берүүнүн негизги мүнөздөмөлөрү, адистиги, окутуу формасы, билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү (окутуунун узактыгы) көрсөтүлүүгө тийиш.Жеке адамдын жана (же) юридикалык жактын каражаттарынын эсебинен окууга кабыл алуу учурунда түзүлө турган билим берүү тууралуу келишиминде (мындан ары – акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү тууралуу келишимде), акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынынын толук баасы жана аларга төлөө тартиби көрсөтүлөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын жогорулатууга мындай келишим түзүлгөндөн кийин жол берилбейт, инфляциянын деңгээлин эсепке алуу менен көрсөтүлгөн кызматтардын баасы жогорулатылган учурду эске албаганда гана.

7.6. Билим алуучуларды которуу, окуусуна кайра киргизүү, окуудан чыгарып салуу жана академиялык өргүүлөрдү берүү КРнын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарындагы студенттерди которуу, окуусуна кайра киргизүү, окуудан чыгарып салуу жана академиялык өргүүлөрдү берүү тартиби жөнүндө жобого» жана Колледждин Уставына ылайык жүзөгө ашырылат.

7.7. Колледждеги билим берүү процессин уюштуруу (“ECTS окутуунун кредиттик тутумунун негизинде И.Раззаков атындагы КМТУда окуу процессин уюштуруу жөнүндө” жобого ылайык) окуу процессинин графиги, милдеттүү окуу сабактарынын жүгүртмөсү, факультативдердин, кеңеш берүүчүлөрдүн жүгүртмөсү, билим алуучулары орто аралык аттестациялоонун арасындагы сынактар графиги менен регламенттештерилет, алар Университеттин окуу иштери боюнча проректору жана Колледждин мүдүрү тарабынан бекитилет.

Ар бир окуу жылына карата окуу процессинин графиги теоретикалык окутуунун, практиканын (лабораториялардын, чебер каналдын бош эмес болушун, социалдык өнөктөштөр менен келишимдерди эске алуу менен), эс алуулардын, сынактык сессиялардын конкреттүү мөөнөттөрүн көрсөтүү менен жумушчу окуу пландарынын негизинде иштелип чыгарылат.

Окуу сабактарынын жүгүртмөсү жарым жылга карата түзүлөт, бирок ар түрдүү өндүрүштүк себептерден улам түзөтүлүп турат (окутуучуларды бошотуу жана кабыл алуу, окутуучулардын жумалык иштерин текшилөө, сабактардын удаалаш окутулушунун максатка ылайыктуулугу, окуу сабактары боюнча теоретикалык жана практикалык сабактардын алмашуусу, окутуучулардын узакка созулган ооруп калуулары ж.б.у.с.).

7.8. Билим берүү ишмердигин жүргүзүү үчүн окуу сабактарынын төмөнкү түрлөрү белгиленишет: лекция, семинардык сабактар, практикалык сабактар, лабораториялык сабак, текшерүү иши, кеңеш берүү, өз алдынча иши, өндүрүштүк окутуу, практика, курстук ишти (долбоорду) аткаруу, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткаруу, ошондой эле окуу сабактарынын башка

түрлөрү ж.б. ушул сыяктуу сабактардын жумушчу программаларында каралгандар. Алардын көлөмү жана катнашы, экзамендик сессияларды жана каникулдарды өткөрүү мөөнөттөрү окуу пландары менен аныкталышат.

7.9. Окуу тобундагы аны түзүү учурундагы билим алуучу максималдуу саны – 25-30 адам. Окуу сабактары азыраак билим алуучу тобу жана өз алдынча билим алуучулар менен дагы жүргүзүлүшү мүмкүн, ошондой эле алар майда топторго бөлүштүрүшө алышат. Топтун саны азайтылган учурда, окутуу мөөнөтү ичинде бир курстун билим алуучуларын кошуп коюшу мүмкүн. Практикалык багыты бар болгон же атайын жабдууну талап кылуучу бир катар сабактарды изилдөө учурунда топтор 10-12 адамдан кем болбогон майда топторго бөлүштүрүлүшөт. Колледж лекция түрүндө окуу сабактарын өткөрүү учурунда билим алуучулардын топторун бириктирүүгө укуктуу болот.

7.10. Окуу топторундагы тарбиялоо иштерин жетектөө Мамлекеттик тил боюнча мүдүрдүн орун басары жана кураторлор тарабынан жүзөгө ашырылат.

7.11. Колледждин билим алуучуларынын практикаларынын бардык түрлөрү КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарындагы студенттердин өндүрүштүк (кесиптик) практикасы жөнүндө жобо" токтомунун, Колледждин Уставынын жана практика жөнүндө жобонун негизинде уюштурулат. Практикалар окуу-өндүрүштүк өнөрканаларда жана Университеттин лабораторияларында, ишканаларда жана уюмдарда уюм менен Университеттин, ошондой эле Колледждин ортосунда түзүлгөн келишимдердин негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.12. Колледж ОКБнын жаны мазмунун жана аны үзгүлтүксүздүк принциптеринде жана жалпы орто жана жогорку билим берүү принциптеринде ишке ашыруу формаларын иштеп чыгарышы мүмкүн. Ушул максаттарда Колледжде предметтик олимпиадалар, Кесиптер Чемпионаттары, Билим Декадалары ж.б белгиленген тартипте Университеттин илимий-педагогикалык кызматкерлерин, өндүрүштүн адистерин, илимий мекемелердин өкүлдөрүн, ОКБ окутуучуларын жана БОУларды, мектеп мугалимдерин тартуу менен илимий-методикалык жана эксперименталдык иш жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.13. Билим алуучулардын окутуу жана тарбиялоо сапатын өркүндөтүү, окутуучулардын педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу жана окуу процесси менен байланышкан маселелерди чечүү максаттарында Колледжде, Колледждин окуу-методикалык комиссиясы (КОМК) жана предметтик-циклдик комиссиялар (ПЦК) түзүшөт, алардын иштөө тартиби алар тууралуу жоболор менен аныкталышат.

7.14. Окутуунун сапатын утурумдук жана орто аралык көзөмөлдөө тутуму окуучулардын жетишүүлөрүн утурумдук көзөмөлдөө жана орто аралык аттестациялоо жөнүндө жобого ылайык уюштурулат.

7.15. Утурумдук курстун окуу планынын талаптарын толук аткарышкан, бардык экзамендерди жана зачетторду ийгиликтүү тапшырышкан билим алуучулар кийинки курска Колледждин мүдүрүнүн сунуштоосу боюнча ректордун буйругу менен которулушат.

7.16. Жашы жете элек окуучулардын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) билим берүү процессинин жүрүшү жана мазмуну менен, ошондой эле окуучулардын жетишүүлөрүнүн баалары менен таанышуу мүмкүндүгү камсыздалат.

7.17. Билим алуучуга акысыз түрдө зачеттук китепче, студенттик билет берилет.

7.18. Билим алуучулардын билимдерине, өндүмдөрүнө жана жөндөмдөрүнө баа берүү экзаменде же сабакты изилдөөнүн аякташы боюнча билим алуучунун окуу ишине модулдук-рейтинг көзөмөлдөө формасында алар тууралуу жобого ылайык утурумдук жана орто аралык аттестациялоолордун жыйынтыктарынын негизинде коюлушу мүмкүн.

7.19. Билим берүү программасын өздөштүрүү КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарындагы бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону бекитүү" токтомуна жана Колледждин Уставына ылайык жүргүзүлөт. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоосу мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Тиешелүү билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүрүшкөн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өтүшкөн Колледждин бүтүрүүчүлөрүнө орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

Окутууда өзгөчө ийгиликтерди көрсөтө алган жана экзамендерди окуу планынын бардык сабактарнынын (модулдарынын) 75% кем эмес болүгүн "эн жакшы" баасы менен тапшырган, жыйынтык аттестациясын эске алуу менен жана башка сабактарды "жакшы" баада тапшырган билим алуучуга Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын чечими менен жогорку деңгээлдеги диплом тапшырылат.

7.20. Теориялык билимине болгон талаптарын, практикалык жөндөмдүүлүгүн жана көндүмдөрүн ар бир адис өзүнүн адистигин билүүсү МББСнын ОКБ менен аныкталат. Адистерди даярдоо мазмуну билим берүү программасы менен аныкталат. Колледждин бүтүрүүчүлөрүнө жогорку окуу жайына өздөрүнүн кесиби боюнча кыскартылган мөөнөттө которулуу укугу бар. Которулуу тартиби жана окуу шарттары жогорку окуу жай тарабынан аныкталат.

7.21. Колледжде программа, кошумча билим берүү курстары жана квалификациясын жогорулатуу боюнча негизги кесиптик билим берүү программасынын башталгыч кесиптик билим берүүсү, кошумча кесиптик билим берүү программасы (ОКББ) жана профессионалдык даярдоо ишке ашат.

7.22. ОКББнын билим берүү программасы өзүнө окуу планын камтыйт. Окуу сабактарынын иш программаларынын жана башка материалдарды, билим алуучуну сапаттык даярдоого жана тарбиялоого, ошондой эле практиканын бардык программаларын, окуу календардык графигин жана методикалык материалдарды, билим берүү технологияларына ылайык камсыздоону ишке ашырат, Колледж билим берүү программасын жыл сайын жаңырта алат (сабактардын курамындагы бөлүгүндө (модулдарда)), Колледждин окуу

планында жана окуу сабактарынын (модулдарынын) иш программасынын мазмунунда практиканын бардык түрүнүн программасы, ошондой эле методикалык материалдар, МББСнын ОКББга ылайык илимдин, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсү билим берүү технологиянын дал келген камсыздалуусу көрсөтүлгөн.

## 8. Колледжди башкаруу

8.1. Колледжди башкаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Университеттин Уставына, Колледждин Уставына, ушул Жобого ылайык ишке ашырылат жана жеке башкаруучулук жана коллегиалдык принциптин негизинде курулат.

8.2. Колледж жөнүндө жобону жана аны өзгөртүү каралат жана мугалимдер жыйынында кабыл алынат, мүдүр тарабынан бекитилет жана Университеттин ректору менен макулдашылат.

Күчүнө кирген жобо менен кызматчыларды жана окуп жаткандарды тааныштырууда, киргизилген сунуштарды өзгөртүү же кошумчалоо жана ал сунуштарды эркин талкулоодо бардык шарттар түзүлүш керек

8.3. Университеттин компитенциясына төмөндөгүлөр каралат:

- штаттык жүгүртмөнү бекитүү, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- Колледждин мүдүрүн дайындоо;
- Коллеждин кызматкерлери жана билим алуучулары милдеттүү түрдө аткаруу үчүн буйруктарды жана ченемдик актыларды чыгаруу;
- Колледждин илимий жана тарбия иштерин, окуу, окуу-усулдук, каржы-чарбалык абалы боюнча жылдык жана башка отчетторду бекитүү;
- жаңы адистиктерди ачуу жөнүндө маселелерди чечүү;
- КМТУ Политехникалык колледжинин ишмердүүлүгүн кеңейтүү үчүн мүлккө ээ болуу.

8.4. Колледжди түздөн-түз башкарууну Университеттин ректорунун буйругу менен дайындалган мүдүрү ишке ашырат.

Колледждин мүдүрүнүн башкаруусу Колледждин Уставы, азыркы Жобосу, эмгек келишими жана кызматтык көрсөтмөлөрү менен аныкталат.

Колледждин мүдүрүнүн компетенциясына төмөндөгүлөр тиешелүү:

- Колледждин жалпы ишмердүүлүгүн жетектөөнү жүзөгө ашыруу;
- Колледждин кызыкчылыгын башка уюмдардын мамилеси менен жана бардык жеке менчик түрлөрүнүн мекемелери жана жарандары менен көрсөтүлөт;
- Эмгек келишимдери менен макулдашуу;
- Жамааттагы жагымдуу климатты колдоо;
- Колледжге окутуучу кадрларды жана кызматкерлерди өз алдынча тандоо;
- Колледждин кызматкерлеринин айлык акысына кошумча маяна берүүнү макулдашуу;
- Колледждин кызматкерлеринин жаза-чараларын жана тартиптик сыйлыктарын макулдашуу.

Мүдүр өзүнүн ыйгарым укугунун бөлүгүн аткаруу үчүн орун басарларына бере алат.

## 9. Колледжде билим алгандар

9.1. Колледжде билим алгандарга билим алуучулар жана угуучулар кирет.

Колледждин билим алуучусу болуп – ОКББнын билим берүү программасы боюнча билим алуу үчүн ректордун буйругу менен киргизилген жеке инсан саналат.

Колледждин угуучулары болуп - кошумча кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн ректордун буйругу менен Колледжге киргизилген жеке инсан саналат.

9.2. Угуучунун статусу билим берүү кызматын алуу бөлүгүндө Билим алуучунун билим алуу статусу менен дал келет.

Колледжде билим алып жаткандардын укугу жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Университеттин Уставы, Колледждин Уставы, “И.Раззаков атындагы Политехникалык колледжинин студенттеринин бирдиктүү талабы” жөнүндө Жобосу жана азыркы Жобосу менен аныкталат.

9.3. Билим алуучуларга студенттик билеттер жана зачеттук китепчелер берилет. Зачеттук китепчелердин жана студенттик билеттердин формалары КР билим берүү жана илим министрлигинде түзүлөт.

9.4. Билим алуучулар төмөндөгүлөргө:

- Колледждин ишмердигинин суроолорун чечүүгө жана талкуулоого, анын ичинде коомдук уюмдарга жана өзүн-өзү башкаруу уюмдарына катышууга укуктуу;

- Университеттин Уставында, Колледждин уставында жана азыркы Жобосунда бекитилгендей: китепкана, маалымат ресурстары, окуу кызматтары жана башка Университеттин жана Колледждин бөлүмдөрү менен бекер колдонууга укуктуу;

- МБС ОКББнын макулдаштыгы менен негизги кесиптик билим берүү программасын, ошондой эле башка ченемдик актыларды ишке ашырууда өзүнүн укугун колдонот.

9.5. Колледж, колдо бар каражаттардын чегинде, КР мыйзамдарына ылайык, Колледждин билим алуучуларын социалдык колдоо чараларын иштеп чыгат жана ишке ашырат.

Билим берүү программаларын өздөштүрүүдөгү жетишкендиктери үчүн Колледждин билим алуучулары үчүн Колледж жөнүндө жобого ылайык моралдык жана материалдык колдоонун ар кандай формалары белгилениши мүмкүн.

9.6. Медициналык көрсөтмөлөр боюнча жана башка артыкчылык учурларда билим алуучуга КР Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюумунун студенттерин которуу, кайра кабыл алуу, окуудан чыгаруу жана аларга академиялык өргүү берүү жөнүндө жобо»

токтомуна жана Колледждин Уставына ылайык белгиленген тартипте академиялык өргүү берилет.

9.7. Билим алуучу Колледжде бир билим берүү программасынан (же) окутуу формасынан белгиленген тартипте башкасына которулууга укуктуу.

9.8. Билим алуучу колледжде кайра окууга укуктуу. Колледжден чыгарылган адамды окууга калыбына келтирүүнүн, ошондой эле мурда башка орто атайын окуу жайында окуган жана окууну аяктаганга чейин андан чыгарылган билим алуучунун окууну улантуусу үчүн кабыл алуунун тартиби жана шарттары, КР Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмунун студенттерин которуу, кайра кабыл алуу, окуудан чыгаруу жана аларга академиялык өргүү берүү жөнүндө жобо» токтомуна жана Колледждин уставына ылайык аныкталат.

9.9. Окуу планынын жүйөөсүз себептеринен улам белгиленген мөөнөттө аткарбаганы үчүн, Колледждин Уставы, ушул Жобо, «И.Раззаков атындагы КМТУ Политехникалык Колледжинин студенттерине карата бирдиктүү талаптар» жобосу менен каралган милдетттерди аткарбаганы, «И.Раззаков атындагы КМТУдагы ички тартип жөнүндө» жобону бузганы үчүн билим алуучуларга карата Колледжден чыгарганга чейинки тартип жаза-чаралары колдонулат. Билим алуучуларды алар ооруп жаткан убакта, эс алуу учурунда, академиялык өргүү же кош бойлуулугу жана төрөгөндүгү боюнча өргүү убагында администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгарууга жол берилбейт.

9.10. Колледждин билим алуучулары милдеттүү:

- Колледждин Уставынын, «И.Раззаков атындагы КМТУ Политехникалык колледжинин студенттерине карата бирдиктүү талаптар» жобосунун, Университеттин ички тартип эрежелеринин талаптарын сактоого;
- ак дилден билим алууга, ОКБ билим берүү программаларын толук көлөмдө өздөштүрүүгө;
- окуу жана өндүрүштүк тартипти сактоого;
- Университеттин жана Колледждин мүлкүнө аяр мамиле кылууга, коомдук-пайдалуу эмгекке катышууга, өзүн-өзү тейлоо принциптеринде аудиторияларда, Университеттин башка жайларында жана ага жанаша жайгашкан аймактарда тазалыкты жана тартипти сактоого;
- Университеттин жана Колледждин билим алуучуларынын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
- өзүнүн маданий деңгээлин жогорулатууга, сергек жашоо образын жүргүзүүгө, руханий жана физикалык өркүндөөгө умтулуу.

## 10. Колледждин кызматкерлери

10.1. Колледждин кызматкерлерине административдик башкаруу персоналы (АБП), педагог кызматкерлер, окутуу көмөкчү персонал (ОКП), кенже тейлөөчү персонал (КТП) кирет.

Колледждеги педагогикалык ишмердикке билиминин жана квалификациясынын тиешелүү деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү

документтер менен ырастала турган, жогорку кесиптик билимдерге ээ адамдарга жол берилет.

10.2. Колледждин уюштуруу түзүмүнүн курамына: Колледждин мүдүрү, окуу иштери боюнча мүдүрдүн орун басары, өндүрүштүк окутуу боюнча мүдүрдүн орун басары, мамлекеттик тил боюнча мүдүрдүн орун басары, бөлүм башчылар, окутуучулар, окуу мастерлери, лаборанттар, адистер ж.б кирет.

Колледжди башкарууну Университеттин ректорунун буйругу менен кызматка дайындалып жана кызматтан бошотула тургандыгын мүдүр ишке ашырат.

10.3. Колледждин кызматкерлери төмөндөгүлөргө укуктуу:

- ар-намысын, кадыр-баркын жана ишке аброюун коргоого;

- ушул жобо менен аныкталган тартипте Колледжди башкарууга катышууга;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Университеттин ректорунун жана Колледждин администрациясынын буйруктарына жана тескемелерине даттанууга;

- өзүнүн кесиптик ишмердигин керектүү уюштуруучулук жана материалдык – техникалык камсыздоону алууга; ушул жобого ылайык Университеттин китепканаларын, маалымат ресурстарын, окуу, окуу-методикалык жана башка бөлүмдөрүнүн кызматтарын акысыз пайдаланууга.

Педагогикалык кызматкерлер жаңы технологияларга ылайык билим берүү процессинин жогорку сапатын камсыздоочу окутуу методдорун жана каражаттарын тандоого укуктуу.

Билим алуучунун үстүнөн күч жана психикалык зомбулук көрсөтүү менен байланыштуу тарбиялоонун педагогикага каршы меттоддорун, ошондой эле гумандуулукка каршы жана билим алуучулардын жашоосу же ден соолугу үчүн кооптуу окутуу методдорун пайдаланууга жол берилбейт.

10.4. Колледждин кызматкерлери Университеттин уставынын, Университет жөнүндө жобонун, Колледждин уставынын, ушул жобонун, Университеттин ички тартип эрежелеринин талаптарын сактоого, аларга жүктөлгөн функционалдык милдеттерди сапаттуу аткарууга милдеттүү.

Педагогикалык кызматкерлер билим берүү процессинин жогорку натыйжалуулугун камсыздоого, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кошумча кесиптик билим берүүчү мекемелерде, жогорку окуу жайларында, илимий, илимий – методикалык жана башка мекемелерде жана уюмдарда окуу аркылуу өзүнүн квалификациясын жогорулатуу менен системалуу түрдө алектенүүгө милдеттүү.

10.5. Колледждин окутуучулар курамы үчүн окуу жылына карата окуу жүктөмү контрактта белгиленет жана 720-740 саат чегинде чектелет ( Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январында №18 токтомуна ылайык).

10.6. Окутуу, методикалык, илимий, тарбиялоо жана башка иштеги ийгиликтери үчүн кызматкерлер үчүн «И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин кызматкерлерине эмгек маянасын төлөө жөнүндө» жобого жана И.Раззаков атындагы КМТУ администрациясынын

жана жамаатынын ортосундагы жамааттык келишимге ылайык моралдык жана материалдык колдонуунун ар кандай формалары белгиленет.

10.7. Кызматкерлердин санын кыскартуу менен байланыштуу, администрациянын демилгеси боюнча Колледждин окутуучуларын иштен бошотууга окуу жылы аяктагандан кийин гана жол берилет.

## 11. Өз ара аракеттенүү

Колледж өз ара төмөндөгүлөр боюнча аракеттенет:

11.1. Университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү менен – бөлүмдүн ишмердик чөйрөсүнө киргизилген маселелер боюнча;

11.2. Юридикалык бөлүм менен – документтерди даярдоо менен байланыштуу укуктук маселелер боюнча;

11.3. Кадрлар бөлүмү менен – бөлүмдүн кызматкерлерин ишке алуу, которуу, иштеп бошотуу жана алардын квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча;

11.4. Окуу бөлүмү, менеджмент жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү, автоматташтырылган тутумдарды киргизүү жана колдоо бөлүмү, илимий – техникалык китепкана ж.б. менен – окуу процессин уюштуруу, лицензиялоо, аттестациялоо (аккредиттөө), жаны маалыматтык технологияларды иштеп чыгуу жана киргизүү, китеп менен камсыздоо маселелери жана башка маселелер боюнча;

11.5. Административдик – чарбалык бөлүм, ТБ, ОТ жана ГО бөлүмү менен – финансы-пландык маселелерди чечүү, коопсуздукту камсыздоо, укук тартиби маселелери жана чарбалык меселелер боюнча.

11.6. Эл аралык байланыш бөлүмү менен билим берүү, илим жана башка ишмердик чөйрөлөрүндөгү эл аралык кызматташтык меселелери боюнча.

11.7. Шаардагы жана республикадагы ОКБ башка билим берүү уюмдары, билим берүүнү башкаруу органдары, орто жалпы билим берүүчү мектептер, социалдык өнөктөштөр, билим алуучулардын мыйзамдуу өкүлдөрү (ата-энеси, камкорчулар) менен ж.б.

## 12. Укуктук макама, финансылык жана материалдык-техникалык камсыздоо

12.1. Колледж юридикалык жак болуп саналат, белгиленген тартипте ачылган банк мекемелеринде алыш-бериш жана башка эсептерине ээ.

12.2. Колледжди башкаруунун жогорку органы «И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин педагогикалык кеңеши жөнүндө» жобого ылайык педагогикалык кеңеш болуп саналат. Колледждин педагогикалык жамааты ал жөнүндө жобого ылайык түзүлөт.

12.3. КМТУнун ректорунун макулдашуусу менен жана айлык акы бөлүнгөн фонддун чегинде мүдүр тарабынан бекитилген штаттык жүгүртмөгө Колледж ээ.

12.4. Окуу материалдык базасын түзүүдө, окуу тарбия процессин сапаттуу уюштурууда жана Университеттин макулдашуусу менен Колледждин социалдык өнүгүүсүнө финансылык каражатын жана материалдык ресурстарды түзүлгөн сметанын негизинде, окуу-усулдук китептерди жана окуу куралдарын чыгарууга жана колдонууга укуктуу.

12.5. "И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин кызматчыларынын эмгек акысы жөнүндө" жобосунун негизинде КР мыйзамдарында каралгандай өз алдынча Колледж Университеттин макулдашуусунун негизинде айлык акы каражатын чектейт.

12.6. Колледждин кызматкерине төлөнүүчү кызматтык акы функционалдык кызматын жана милдетин аткаргандыгы үчүн эмгек келишиминин негизинде каралат. "И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин кызматчыларынын эмгек акысын төлөө" жобосунун негизинде Колледждин кызматкерлерине сыйлыктарды берүүдө жана айлык акысына маяна кошууда жогорку чыгармачылыгы жана жумуштагы өндүрүштүк жетишкендиги, ошондой өзгөчө маанилүү (тез арада) жумуштарды аткаргандыгы каралат жана кызматтык маянасы төлөнөт.

12.7. Колледж коюлган талапка ылайык эл аралык кызматташуунун билим берүүнүн кыйынчылыктары боюнча адистерди даярдоонуу өркүндөтүү, чет өлкөлүк уюмдар, мекемелер менен байланышты түзүүгө укуктуу.

12.8. Колледж өз алдынча өздөрүнүн структурасын түзөт. Тандаган Колледждин структурасын Университеттин ректору бекитет. Колледж өзүнчө бөлүм структурасына, даярдоо курстарына, окуу бөлүмдөрүнө жана лабораторияларына, окуу жана окуу өндүрүш устаканаларына, структуралык кошумча билим берүү бөлүмдөрүнө жана башка кошумча кесиптик билим берүү структуралык бөлүмдөрүнө филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү кошпогондо ээ боло алат.

## 13. Колледждин эсеби, отчету жана көзөмөлү

13.1. Колледждин статистикалык отчетунун формасы, дареги, убактысы жана ирети мамлекеттик статистика органдары тарабынан түзүлгөн.

13.2. Финансы чарба тартиптерин Колледжде көзөмөлдөө Университет аркылуу жүзөгө ашырылат.

## 14. Колледждин ишмердигин токтотуу жана жоюу

14.1. Колледждин ишмердигин токтотуу же жоюу төмөндөгүлөр боюнча ишке аша алат:

- Университеттин Уставына жана Колледждин Уставына ылайык Университеттин ректорунун буйругу менен;
- лицензиясыз ишмердик мыйзамга каршы жүргүзүлгөн окуяда соттун чечими менен;

14.2. Колледжди жоюу боюнча чечимди кабыл алууда мыйзам тартибинде бекитилген жоюу процедурасы жүргүзүлөт.

14.3. Колледждин ишмердигин токтотууда билим алып жаткандарды башка окуу жайга которууда алардын жана алардын ата-энелеринин макулдугу менен которулуусу камсыздалат.

14.4. Колледждин жоюлушунда иштен бошогон кызматкерлерге КРсынын мыйзамынын негизинде алардын кызыкчылыгын жана укугун көзөмөлдөөгө кепилдик берилет.

## 15.Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү

15.1. Негизги жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү Колледждин мүдүрүнүн жаңы редакцияда жобо долбоорун даярдоо жолу менен Университеттин ректорунун коюлган тартиптеги макулдашуусунун негизинде ишке ашат.

“ Макулдашылды”
И.Раззаков атындагы
КМТУнун юристи
_____________ Жумакеев А.Б.
“___” ________ 201_ж.